# Манас гезити

КЫРГЫЗ-ТҮРК "МАНАС" УНИВЕРСИТЕТИНИН СТУДЕНТТИК ПРАКТИКАЛЫК ГЕЗИТИ    МАРТ'23 / №89-САНЫ    WWW.MANAS.EDU.KG





# Боордоштукту бекемдейт

Кыргыз-Түрк "Манас" университети жыл сайын орозо айында ооз ачуу иш-чарасын уюштуруп келет. Бул жолу аталган иш-чарага 2800 адам катышты. Университеттин студенттери менен катар жер-жерлерден меймандар чакырылды. Ооз ачарга Министрлер Кабинетинин төрагасы А.Жапаров, Билим берүү жана илим министри К.Иманалиев, Жогорку Кеңештин депутаттары жана илим, маданият ишмерлери, жалпыга маалымдоо каражатынын өкүлдөрү катышты.




## Ректор Түрк дүйнөсүнүн Улуттук илимдер академиялар союзунун Башкы ассамблеясынын VI сессиясына катышты

Аль-Фараби атындагы Казак улуттук университетинде Илим жумалыгынын алкагында Түрк дүйнөсүнүн Улуттук илимдер академиялары союзунун Башкы ассамблеясынын 6-жыйыны болуп өттү.




## Ректор Алпаслан Жейлан өз үйүндө студенттерге ооз ачырды

Үстүбүздөгү жылдын 11-апрелинде Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин ректору, профессор, доктор Алпаслан Жейлан студенттерди үйүнө ооз ачарга чакырды.




## Bilim.Fest'тин келечеги кең!

"Билим бул - жаркын келечектин ачкычы" деп бекеринен айтылбаса керек. Алыскы Баткен облусунан келип, Кыргыз-Түрк "Манас" университетинде окуп жаткан Айдана Руслан кызы досторy менен биргеликте Bilim.Fest деген...




## Өспүрүмдөрдү туура чечим чыгарууга үйрөткөн "Сары-Көл сырлары" оюну

Орто эсеп менен биз күнүнө 2617 жолу телефонунбузду өчүрүп-жандырып барактайбыз. Бул үчүн өмүрүбүздүн аз дегенде 5 жылы кетет экен.




## "Алгачкы устатым - атам"

Закирбек Дүйшөнбек уулу Кыргызстанды комузу менен менен чет элдерге таанытып келе жаткан өнөр адамдарынын бири. Ал нагыз виртуоз, комузда кол ойноткондо, көргөндүн көзүн кубанткан...




## «Сүрөт - дайыма менин жанымда кошо жүрчү шеригим»

Буга чейин баарыбыз эле карандаш жана түстүү калемдер менен тартылган сүрөттөрдү көрүп же тартып келгенбиз...



# Боордоштукту бекемдейт



***Кыргыз-Түрк “Манас” университети жыл сайын орозо айында ооз ачуу иш-чарасын уюштуруп келет. Бул жолу аталган иш-чарага 2800 адам катышты. Университеттин студенттери менен катар жер-жерлерден меймандар чакырылды. Ооз ачарга Министрлер Кабинетинин төрагасы А.Жапаров, Билим берүү жана илим министри К.Иманалиев, Жогорку Кеңештин депутаттары жана илим, маданият ишмерлери, жалпыга маалымдоо каражатынын өкүлдөрү катышты.***

КАБАР: МЕДИАМАНАС / ФОТО: МЕДИАМАНАС

Университеттин ректору, профессор Алпаслан Жейлан “Ооз ачуу иш-чарасына республиканын аймактарынан да чакырганбыз. Жалпысынан 3000ге чамалаш мейман келди. Баарынан да студенттерибиз жогорку даражалуу адамдар менен бир жерде отуруп, даам татышты. Ислам板 динде ырыскыны бөлүшүү, бир туугандардын дасторкондон чогуу даам сызып туруусу абдан маанилүү экени айтылат. Мындай жолугушуулар эки элдин биримдигин, ынтымагын жана түбөлүк достугун ого бетер бекемдейт”-деди.

Ачык асман алдындагы ооз ачуу аземи жаштардын көңүлүн көтөрүп, кандайдыр жылуу сезимди козгоп койду. Анткени, даражалуу адамдар менен студенттерге бирдей менюдагы тамак-аш берилип, чоң-кичинеге ажыратылган жок. Ооз ачардан кийин студенттер белгилүү инсандар менен сүрөткө түшүп, кол тамга алып жакындан баарлашууга шарт болду. Мындай жагымдуу маанай эки элдин кызматташтыгын жана ынтымагынын күчтөндүрөөрүнө шек жок.





# Ректор Түрк дүйнөсүнүн Улуттук илимдер академиялар союзунун Башкы ассамблеясынын VI сессиясына катышты



***Аль-Фараби атындагы Казак улуттук университетинде Илим жумалыгынын алкагында Түрк дүйнөсүнүн Улуттук илимдер академиялары союзунун Башкы ассамблеясынын 6-жыйыны болуп өттү.***

Жыйындын катышуучулары түрк дүйнөсүндөгү илимий кызматташтыкты өнүктүрүүнүн жолдорун карап, пикир алмашышты.

Иш-чарага Казакстан Республикасынын илим жана жогорку билим берүү министри Саясат Нурбек, Эл аралык Түрк академиясынын президенти Шахин Мустафаев, Аль-Фараби атындагы КазМУнун ректору Жансейит Түймебаев, Казакстан Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын президенти Күнсулу Закария, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын президенти Канатбек Абдрахматов, Дания Загидуллина, Татарстан Республикасынын Илимдер академиясынын вице-президенти, Түркиянын Илимдер академиясынын президенти Музаффер Шекер, жана Азербайжандын, Монголиянын, Башкортстандын, Өзбекстандын илимдер академияларынын президенттери жана чет элдик окумуштуулар, түркологдор, университеттин окутуучулары жана профессорлору катышты.

Жыйынга Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин ректору, профессор Алпаслан Жейлан жана ректор кеңешчиси, экономика жана башкаруу факультетинин деканы, профессор Серхат Бурмаоглу да катышты.

Жыйында ректор университеттин иштери жана алдыдагы пландары тууралуу баяндама жасады. Ал Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин максаты студенттерге сапаттуу билим берүү менен эмгек рыногунун суроо-талаптарына жооп берүүчү жогорку квалификациялуу сапаттуу кадрларды даярдоо экенин баса белгилеп, илим академияларынын илимий өнөктөштүгүн арттыруу жана илимий коомчулукту чыңдоо маселесине токтолду.

Белгилей кетсек, Түрк дүйнөсүнүн Улуттук илимдер академиясынын президиумунун мурдагы жыйыны Татарстан Республикасынын борбору Казань шаарында өткөн.

КАБАР: МЕДИАМАНАС



# Көк бөрү боюнча мелдеш болуп өттү

ММК ЖАНА КООМЧУЛУК МЕНЕН БАЙЛАНЫШУУ БӨЛҮМҮ

***29-апрель күнү Кыргыз-Түрк “Манас” университети, “Демир Кыргыз эл аралык банкы” жана Кыргыз Республикасынын “Көк бөрү” федерациясы тарабынан уюштурулган “Демир банк – Манас ректораты” кубогу үчүн көк бөрү боюнча мелдеш болуп өттү.***

Оюн университеттин Салттуу спорт оюндарынын аянтында өтүп, ага жалпысынан 4 команда катышты.

Жыйынтыгында 1-орунду, тактап айтканда “Демир банк – Манас ректораты” кубогун “Ак шумкар” командасы, 2-орунду “Сарбан-Жал” командасы, 3-орунду “Манас” университетинин командасы алса, 4-орунга “Сары-Өзөн 40 жаш ” командасы ээ болду.

Иш-чарага Кыргыз Республикасынын Башкы прокурору Курманкул Зулушев, Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министринин орун басары, Дене тарбия жана спорт департаментинин директору Айбек Абдымомунов, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин мурдагы депутаты Бактыгул Маматов, КТМУнун ректору, профессор Алпаслан Жейлан, биринчи проректор, доктор Бактыгүл Каламбекова, Түркия Республикасынын Кыргызстандагы элчилигинин өкүлдөрү, ошондой эле Стамбул Сабахаттин Заим университетинин ректору, профессор Ахмет Жеват Ажар, “Маариф” фондунун башкаруу кеңешинин мүчөсү, профессор Мехмет Өзкан, “Демир банкынын башкы директору Шевки Сарылар, Кыргыз Республикасынын “Көк бөрү” федерациясынын президенти Талас Бегалиев жана “Дордой” ассоциациясынын президенти Аскар Салымбеков катышып, улуттук спорттун түрлөрүн калк арасында жайылтуу өзгөчө мааниге ээ экендигин белгилешти.

Жеңүүчүлөргө катышкандыгы үчүн ыраазычылык баракчалары жана акчалай сыйлыктар тапшырылды.









КАБАР: МЕДИАМАНАС / ФОТО: МЕДИАМАНАС

# Ректор Алпаслан Жейлан өз үйүндө студенттерге ооз ачырды

***Үстүбүздөгү жылдын 11-апрелинде Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин ректору, профессор, доктор Алпаслан Жейлан студенттерди үйүнө ооз ачарга чакырды.***

Ооз ачарда ректор Алпаслан Жейлан ынтымак жана биримдик алып келген куттуу Орозо айы – руханий тазаланууга, жакшылык жасоого умтулуу экенин белгилеп: “Түрк маданиятында үйүндө конок тосуу абдан маанилүү бир салт, түрк эли меймандостугу менен бүткүл дүйнөгө таанылды. Биз муну “Манас” үй-бүлөсү катары Орозо айында жүрөгүбүзгө жакын болгон студенттерге көргөзүп жатабыз. Алардын биринчиси салтка айланып бараткан ачык асман алдында ооз ачуу жөрөлгөсү болду.

Бул биримдик менен ынтымакты ар дайым бекемдеп, бир туугандык сезимиңерди арттыргыла. Түрк дүйнөсүнүн жаштары абдан чоң жана күчтүү үй-бүлөнүн мүчөлөрү экенин эсиңерден чыгарбагыла. Түрк дүйнөсү үчүн бир бололу, жигердүү бололу!”, - деген ректор студенттердин үй-бүлөлөрүнө тынчтык, жакшылык жана окууларына ийгилик каалады.

Өз кезегинде коноктор ректордун меймандостугуна, аларга көрсөткөн камкордугу үчүн ыраазычылык билдиришти. Муну менен катар ачык асман алдындагы ооз ачуу аземи алардын көңүлүн көтөргөнүн жана жогорку даражалуу адамдар менен баарлашып, бир дасторкондо даам татканын кубануу менен белгилешти.

Ошондой эле, студенттер “Манастан” ар дайым өзгөчө жылуулукту, сүйүүнү, бир туугандыкты жана Орозо айында береке тартуулаган биримдикти сезип жаткандыгын да жашырышкан жок.

Андан сырткары, дасторкон үстүндө студенттер ата-энелерине видео чалуу кылышып, ректор менен сүйлөшүү мүмкүнчүлүгү түзүлдү.



Баарлашуунун жүрүшүндө ректор “Манас” университетинин эшиги алар үчүн ар дайым ачык экенин айтты. Ата-энелер болсо профессор Жейланга түзүлгөн жакшы шарттар жана балдарына жакындан кам көргөнү үчүн ыраазычылыктарын билдиришти.

Кошумчалай кетсек, буга чейин Алпаслан Жейлан студенттер үйүнө да барып, Ыйык Орозо айында жаштар менен бирге ооз ачкан.

Анда ректор Ислам growинде ырыскыны бөлүшүү, бир туугандардын дасторкондон чогуу даам сызып туруусу абдан маанилүү экенин белгилеген. Аны менен катар өзүнүн студенттик кезиндеги күндөрүн эске салып, келечекте студенттер үчүн дагы жакшы шарттар түзүлөрүн айткан эле.

# Тазалык жана жашылдандыруу кызматкерлерине белек

КАБАР: МЕДИАМАНАС / ФОТО: МЕДИАМАНАС



Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин жетекчилиги тарабынан окуу жайдын тазалык жана жашылдандыруу кызматкерлери үчүн Ыйык Орозо айына карата азык-түлүк кутусу даярдалды.

Үстүбүздөгү жылдын 14-апрелинде университеттин ректору, профессор Алпаслан Жейлан жана биринчи проректор, док. Бактыгүл Каламбекова тазалык жана жашылдандыруу кызматкерлерин Орозо айы менен куттуктап, белектер тапшырышты.

Университеттин жетекчилери ынтымак жана биримдик алып келген куттуу Орозо айы - руханий тазаланууга, жакшылык жасоого умтулуу экенин белгилеп, тазалык кызматкерлерине чын ден соолук, узун өмүр жана үй-бүлөлүк ынтымак, бакыт-таалай менен аманчылык каалады.

Тазалык жана жашылдандыруу кызматкерлери көрсөткөн жардамы үчүн окуу жайдын жетекчилигине ыраазычылык билдиришти.

# Универсиада оюндарынан алтын медаль

КАБАР: МЕДИАМАНАС / ФОТО: МЕДИАМАНАС

Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларынын арасында өткөрүлгөн “Универсиада-2023” спорт оюндарында Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин спортчулары стол тенниси боюнча алтын медалга ээ болушту.

Спорттун стол тенниси түрү боюнча университеттин атынан Спорт илимдер факультетинен Канболот Тимиш уулу, чет тилдер факультетинен Адилет Насирдинов жана туризм факультетинен Исламбек Кадырканов оюн көрсөтүштү. Быйылкы турнирге 30дан ашык университеттин спортчулары катышып, 20 тармак боюнча күч сынашты.







# Коммуникация факультетинин студенттерине «КМШнын эң мыкты студенти» сыйлыгы

КАБАР: ЭСЕНБОЛ НУРБЕК УУЛУ

***Казакстандын борбору Астана шаарында эл аралык студенттер союзу менен биргеликте “Улуттук Бөбек” кыймылы (КМШ коомдук, гуманитардык жана техникалык илимдер боюнча сынактарды уюштуруу борбору) КМШ өлкөлөрүнүн эң мыкты студенттерин аныктоо максатында «Бөбек» коомдук бирикмеси тарабынан уюштурулган сынак болуп өттү.***

“КМШнын мыкты студенти-2023” сынагында билим берүү, искусство жана спорт тармагында ийгиликтерге жетишкен таланттуу студенттер, жетекчилер жана көптөгөн уюмдардын активисттери байге үчүн ат салышты.

Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин Коммуникация факультетинин окутуучусу доц. док. Ниязи Айхандын жетекчилиги менен сынакка катышкан журналистика бөлүмүнүн 4-курсунун студенти Нурмухаммад кызы Гүлдана жана ушул эле бөлүмдүн 2-курсунун студенти Мамедова Раяана жана ага окутуучу док. Топчугүл Нармаматованын жетекчилиги менен журналистика бөлүмүнүн 2-курсунун студенти Элиза Бекишова “КМШнын мыкты студенти-2023” сыйлыгына ээ болушту.

2023-жылдын 14-апрелинде Ишенаалы Арабаев атындагы университетте өткөн салтанатта Нурмухаммад кызы Гүлданага жана Мамедова Раяанага “Эң мыкты студент” төш белгиси жана биринчи орундун сертификаты, Элиза Бекишовага “Эң мыкты студент” төш белгиси жана экинчи орундун сертификаттары ыйгарылды. Студенттерге кураторлук кылгандыгы үчүн доц. док. Ниязи Айхан жана ага окутуучу док. Топчугүл Нармаматовага ыраазычылык баракчасы тапшырылды.

Баса белгилей кетсек, 2022-жылдын мыкты студенттери деп, КТМУнун коммуникация факультетинин студенттери Гулдана Нурмухаммад кызы, Малика Нурланова жана Медина Базарбаева аталган эле.






# Bilim.Fest'тин келечеги кең!

“Билим - бул жаркын келечектин ачкычы” деп бекеринен айтылбаса керек. Алыскы Баткен облусунан келип, Кыргыз-Түрк “Манас” университетинде окуп жаткан Айдана Руслан кызы достору менен биргеликте Bilim.Fest деген чет тилдерин акысыз окутуу долбоорун ачышкан. Алардын бул демилгеси учурда бир катар жаштарга чет тилин үйрөнүүгө жардам берип, келечектерине көпүрө болуп берип жатат.

КАБАР: АЙГЕРИМ ТОКТОБЕКОВА



### Долбоорубуз пикирлештердин деми менен башталды

Биз 2022-жылы жай айларында Bilim.Fest аталышындагы жаңы билим берүү долбоорун баштаганбыз. Бул ишти баштообузга биринчи кезекте чет тилин үйрөнүүгө ынтызар, бирок акча төлөп окууга шарты болбогон окуучуларыбыз себеп болду. Өлкөбүздө ушунчалык көп таланттуу бал-дар-кыздар бар. Бирок баарынын эле курстарга барып акча төлөп оку-ганга шарты келбейт. Муну өзүбүздүн дагы мисалыбызда айтсам болот. Мен дагы мектепте окуп жүргөндө курстарга барып чет тилин үйрөнүүгө шартым болчу эмес, акысыз тил курстарын издегенге аракет кылчумун. Андан сырткары өз алдымча чет тилдерин китептерден окуп үйрөнүү-гө аракет кылчумун. Окуучу кезимде кийинчерээк чет тилин жакшы үйрөнүп алгандан кийин башкаларга акысыз үйрөтөм деп ойлоп жүр-чүмүн. “Жаштын тилегин берет” деген чын турбайбы. Кийин универси-тетте окуп жүргөндө пикирлеш, тилектеш досторго кезигип калдым. Бул долбоорду алар дагы жасагысы келип жүргөн экен. Анан бир курбубуз-дун сунушу менен ишибизди баштап калдык.

### “Bilim.Fest” үч тилди акысыз үйрөтөт

“Bilim.Fest” бул чет тилдерин толук түрдө акысыз үйрөтүүчү социалдык долбоор. Чет тилин билген студенттер биригип, мектеп окуучуларына жана коомдун башка катмарына бекер үйрөтүшөт. Долбоор үч багытта: англис, корей, түрк тилдеринде сабак берет. Сабактын узактыгы муга-лимдин сабак өтүүсүнө жараша, эң аз дегенде, 1 саат же андан да узак-тыраак. Биз ал жерден жөн гана чет тилдерин үйрөтүп гана койбостон, сабактын жүрүшүндө ошол элдин маданияты, жашоо образы, өлкөсү, ка-ада-салты, тамак-ашы, кийими жана андан сырткары ошол өлкөлөрдүн университеттери боюнча дагы көптөгөн кызыктуу фактыларды айтып беребиз. Мындай окутуу методикасы окуучулар үчүн аябай эффективдүү жана пайдалуу болду десем жаңылышпайм. Себеби курстарыбызда бир гана мектеп окуучулары эмес, Түркияга жана Кореяга барып окуй турган же иштей турган жарандарыбыз да болду. Сабак учурунда бизге көптө-гөн жакшы пикирлер келип жатты. Ошол жүрөк жылыткан ой-пикирлер биз үчүн долбоорубузду мындан дагы ары кызыктуу, ары мазмундуу кылууга дем берип турду.

### Акысыз билим бааланабы?

Долбоорду баштап жатканда “Мындан силер эмне пайда аласыңар? Бе-кер иштей турган болсоңор, убактыңарды жөн эле коротосуңар!” деген-дер көп болду. Албетте, убакыт өтө баалуу нерсе. Бирок бул муктаждык-тан келип чыккан долбоор. Адамдардын жашоо шарты, жашоо образы, бир нерсени кабыл алуусу ар кандай эмеспи. Эгер баары эле курска ба-рып акча төлөп окуй ала тургандай болсо, бул ишти уюштурмак эмеспиз. Коомдун кайсы бир катмары бул нерсеге муктаж болду. Бул долбоордун аркасынан жаңы достор менен тааныштык. Алар бизден, биз алардан көп нерсе үйрөндүк. Ошол эле учурда бизди колдоп: “Жакшы иш баштап жатыптырсыңар! Азаматсыңар!” дегендер дагы болду. Анан дагы окуу-чуларыбыздан келген жылуу ой-пикир, ыраазычылык каттар бизге чоң мотивация болду. Кылган ишибизге эч качан өкүнгөн жокпуз жана өкүн-бөйбүз.

### Чет тилдеринин бизге берген мүмкүнчүлүктөрү

Учурда жашоо шартыбыз тездик менен өнүгүү жолунда болуп жатпайбы. Азыр жок эле дегенде 1-2 чет тилин билишиң керек. Албетте, 20-30 жыл мурун чет тилине болгон талап анча деле актуалдуу болбошу мүмкүн эле. Тилге болгон муктаждыкты кантип түшүнөбүз? Мисалы, тил – адам баласына чет жерде окуу, иштөө же саякат кылууда өтө маанилүү ролду ойнойт эмеспи. Канча тил билсең, сен ошончо адамсың деп коюшат го. Башка бир чет тилин билүү канчалык сонун сезимдерди тартуулайт. Ант-кени, сен ал тилде сүйлөгөн адамдарды түшүнө аласың. Алар эмнени ойлоп жатканын, эмнени каалап жатканын түшүнө алышың мүмкүн. Бир эле мисал кылсам биздин бир окуучубуз түрк, корей сериалдарын мурун котормосу менен көрсө, азыр котормосу жок көрүп калганын аябай сүй-үнүү менен билдирди. Демек, коомго чет тили ар кандай максатта керек жана ошол тилде сүйлөп, оюңду жеткире алсаң бул чоң жетишкендик.

### Бизге мотивацияны “Манас” университети берет

Ата-энем экөө тең мугалимдер болчу. Ушундан улам мени айрымдар: “Бул окубайт. Ата-энеси мугалим да. Башка мугалимдер да буга көтөрмөлөп жакшы баа коюшат!” деп калганын угуп калчумун. Чынында мен андай тааныш-билиштик кылуу дегенди жек көрчүмүн. Ошондуктан мектепте окуп жүргөндө эле кийин коррупциясы жок болгон университетте окуйм деп кыялданчумун. Кыялыма жеттим. Мен окуучунун билимине карап баа берген университетте окуйм. Кыргыз-Түрк “Манас” университети бизди эң ириде жөнөкөйлүккө, адамгерчиликтүү болууга жана колуңдан жардам келип турса, аны башка бирөө менен бөлүшкөнгө тарбияла-ды. Анан дагы биз толук түрдө акысыз окуткан университетте окуйбуз да. Ошонун аркасынанбы билбейм, биз дагы башкаларга бекер билим бергибиз эле келе берет (күлүп). Албетте жогоруда айткандарым чын-дык. “Уядан эмнени көрсөң, учканда ошону аласың”,- деп коет эмеспи. Ошондуктан бизге үлгү жана мотивацияны университетибиз берет.

### Алдыда пландарыбыз көп

“Bilim.Fest”ти өлкө боюнча масштабдуу кылып кеңейтсек дейбиз. Бир гана чет тилдери менен калып калбастан, учурда коомдо актуалдуу жана муктаждык жараткан жаңы кесиптер: СММ, Мобилография, IT, дизайн ж.б акысыз окуткубуз келет. Кийинки бардык иш-аракеттерибиз ушул тармакта болот деген үмүттөбүз. Буюрса, дагы жакшы долбоорлорубузга күбө болосуздар деген ишеничтемин. “Bilim.Fest”тин келечеги чоң деп ынанымдуу айта алам. Анан дагы долбоорубузду ар кандай: материал-дык, моралдык жактан болобу, колдогусу келгендер болсо, кубанычта бо-лобуз. Ар бир айтылган идея жана кеп-кеңештерге ар дайым ачыкпыз!



# Өспүрүмдөрдү туура чечим чыгарууга үйрөткөн “Сары-Көл сырлары” оюну

***Орто эсеп менен биз күнүнө 2617 жолу телефонунбузду өчүрүп-жандырып барактайбыз. Бул үчүн өмүрүбүздүн аз дегенде 5 жылы кетет экен. Албетте, замандын талабына ылайык онлайн жумуш менен алектенип, пайдалуу нерселерге убакыт бөлсөк, анда жогорудагы көрсөткүчтөн коркпойт элек. Бирок, смартфонубуздан такай пайдалуу маалыматтарды карабай, болбогон нерселерге азгырылып, убакытты текке кетиребиз. Канчалык өзүбүздү көзөмөлгө албайлы, интернеттеги керектүү маалыматка көбүрөөк убакыт бөлүү кыйын эле. Мындай тенденцияга жооп катары жаңы замандын адамына технология менен билим берүүнү көздөгөн “Айкын багыт” коомдук фонду “Сары-Көл сырлары” аттуу мобилдик оюн иштеп чыгышты.***




### Оюндун сюжетин өзүң өзгөртө аласың

“Сары-Көл сырлары” оюну адамды кызыктуу сюжети, сапаттуу жана ар бир деталга маани берилген дизайны, оң-терс каармандары менен өзүнө тартат. Алгач каарманга ысым берүү менен оюнду баштайсың. А баш каарман - сенсиң. Андан соң алдыңдан чыккан көйгөйлөрдү өзүң чечүү аркылуу сюжетти да өзгөртө аласың. Ошондой эле маанилүү чечим чыгарардын алдында атайын “эскертүүлөр” ачылат. Ал жактан чечимиңе оң таасир этүүчү маалыматты аласың. Ал маалымат менен оюнчу бир гана оюнда эмес, жашоодо дагы туура чечимдерди кабыл ала алууга үйрөнөт. Оюн кыргыз жана орус тилдеринде жеткиликтүү. “Эскертүүлөрдөгү” маалыматтарды окуган соң, алган билимиңди текшерүү үчүн тесттен өтсөң болот. 12 бөлүмдөн турган “Сары-Көл сырларын” Play Market же Apple Store сервистери аркылуу жүктөп алууга мүмкүн.

### Оюн коомдогу олуттуу көйгөйлөрдү козгойт

Статистикага таянсак, өткөн жылы 10151 адам үй-бүлө зомбулугунан жабыркаган. Алардын 8463ү аялдар. Ал эми 3 айдын ичинде 59 ала качуу окуясы катталган. Эрте никеге туруу көйгөйү да өлкөбүздө, өзгөчө региондордо актуалдуу бойдон калууда.

Аталган оюндун негизги максаттарынын бири – жогорудагы көйгөйлөрдүн алдын алуу. Андыктан оюн өзгөчө өспүрүм кыздарга арналган. Мисалы, оюнда кыздын каалосуна каршы ата-энеси эрте күйөөгө бермекчи болгон учурду алалы. Баш каарман мындай кадамдын туура эмес экенин “эскертүүлөрдөн” окуп, сунушталган тандоолордун негизинде чечим чыгарат. Муну менен оюн аялдардын укугу, зомбулук, тандоо, чечим кабыл алуу эркиндиги, муундар ортосундагы конфликт, жашоодо өз ордун таба билүү маселелеринде жол көрсөтөт.

### “Мен телефон чалгандан корком. Себеби кантип айтышты билбейм”

“Айкын багыт” коомдук фондунун директору Мунара Бекназарова оюн чындыгында жаштарга эң керектүү жашоо көндүмдөрүн үйрөткөнү менен мааниге ээ дейт.

“Долбоор аркылуу ар бир кызга “Сен баалуулуксуң” деп өзүн-өзү сыйлоосун көтөрүүнү, укуктарын билүүнү үйрөтөбүз. “Эгерде сени кыйнап күйөөгө берип жатышса, же дагы башка зомбулуктун түрүнө кабылсаң, анда 111, 112 кызматтары аркылуу жардам ала аласың” деген керектүү маалыматтар менен бөлүшөбүз. Мектептерди кыдырганыбызда “ушул номерлерге чаласыңарбы?” деп сурасак, көбү “жок” деп жооп беришет. “Эмнеге?” десек, бир окуучу “чалсам, тентектик кылбагыла деп кайра урушуп койду” дейт. Айрымдары “мен телефон чалгандан корком. Себеби кантип айтышты билбейм. Уялам” дейт. Демек, өспүрүмдөрдө зомбулукка кабылган кырдаалдарда жагдайдан кантип чыгуу жөнүндө билим жок. Ал эми биздин оюнда “албетте, коркуу сезими баарында бар. Бул нормалдуу көрүнүш. Ар бир адамда белгилүү бир жагдайларда пайда боло турчу кадимкидей эле бир эмоция. Биз деле коркобуз. Бирок муну жеңе билиш керек” өңдүү диалогдор аркылуу керектүү сөздөрдү беребиз”.

### “Кыялдар орундалат!”

Аталган программанын координатору Гүлзат Мукалиева “Сары-Көл сырлары” региондордо өспүрүмдөрдүн чоң кызыгуусун жаратып жатканын айтты: “Региондордо долбоордун презентациясын Оштун Кара-Суу, Өзгөн, Ноокат шаарларында 100 окуучуга өткөрдүк. Каракол шаарына жана ага жакын дунган улуттуу Ырдык деген айылга да бардык. Анткени ал жакта дагы эрте никеге туруу учурлары кездешет. Оюн менен катар презентациянын “Аракет кылсаң-берекет! Кыялдан! Кыялдар орундалат!” лозунгдары менен кыздарга мотивация бердик. Буга улай кыздарды колдоо максатында виртуалдуу музей ачып, кызыктуу, ар кандай бөлмөлөрдү жасадык: тикток, тактага жазуу, легодон кыялыңды жасоо, телефон менен сүйлөшүү. Мисалы, телефон менен сүйлөшүү бөлмөсүндө 6 айым-лидер менен сүйлөшө аласың. Ал үчүн биз илгеркидей телефон будкаларын жасаттык. Трубкада 6 баскыч турат: Курманжан Датка, Ангела Меркель, Айсулуу Тыныбекова, Асель Сартбаева, Кулийпа Кондучалова, Малала. Мисалы, Меркелди тандадың деп коёлу. Андаң соң, телефондон атайын жаздырылган Меркелдин үнү чыгат. Чынында Меркель менен сүйлөшүп жаткандай болосуң. Анан ал ”мен деле бир секелек кыз болгонмун. Айылда эле чоңойгом. Кичинекей кезимде канцлер болом деп эч ойлогон эмесмин. Эгер кыялың болсо, сен дагы аны орундата аласың” деп шыктандырат. Өспүрүмдөрдү ушундай креатив менен кызыктырдык.

### “Оюндан көп пайдалуу маалымат ала алдым”

Учурда “Сары-Көл сырлары” социалдык тармактарда да кеңири тарап жатат. Комментарийлерде оюндун кийнки чыгарылышын күткөндөрдүн саны арбын.

“Оюнчуларыбыз, өзгөчө кыздар “оюндан көптөгөн жаңы жана пайдалуу маалыматтарды ала алдым” дешет. 32 жаштагы бир айым “өспүрүмдөргө арналса да ойноп жатам. Эмнеге менин 16 жашымда ушундай оюндар жок эле? Керектүү маалыматтар көп экен” деп жазыптыр. Демек, оюнду чоңдор да ойносо болот. Андагы каармандар да колдонуучулардын купулуна толуп, комментарийлерде “Чыңгыз жакшы! Жок, Азамат!” деп талашып-тартыша кетишет. Буга чейин да ала качуунун алдын алууга багытталган “Весна в Бишкеке” аталышындагы оюн чыгарганбыз. Ал 169 миң ирет көчүрүлүп, жаштар арасында популярдуу болгон” – дейт фонддун директору Мунара Бекназарова.

КАБАР: АКЫЛАЙ ЖЕҢИШОВА

# “Мүмкүнчүлүктөрдү туура колдоно билгенде, адам үчүн жол табуу оңой болот”

*Мукам үндүү, ары акын, ары спортчу, көп кырдуу талант, университетибиздин бүтүрүүчүсү Чыңгыз Рыскелдиев учурда “Кыргыз радиосунда” жана “Замана” таңкы берүүсүндө алып баруучу. Анын эмгек жолу, тажрыйбалары, сунуштары тууралуу алдыда сөз болмокчу.*



**- Маегибиздин башында бала чагыңыз, үй-бүлөңүз тууралуу айтып берсеңиз.**

- Өзүм беш бир тууганмын. Эжем, карындашым жана эки иним бар. Сегиз айымда ата-энем чоң ата-чоң энеме берген экен. Мектепке барганча алар менен болдум. Аскасы асман тиреген, жайытына көз жетпеген керемет жайлоолордо чоңойдум. Айтылуу Соң-Көл, Ак-Сай, Боор-Албас, Киндик деген жайлоолор балалыгымдын баалуу күндөрүнүн күбөсү. Кичинемде көп сүйлөбөгөндүктөн, шоктугум деле жок болчу. Чыгармачылыкка болгон кызыгуум мектеп босогосун аттагандан кийин башталды. Ата-энем да дайыма колдоп, кароо-сынактарга жиберип турушчу. Бапестеп багып өстүргөн ата-энем болсо, өнөрдүн башатына чоң атам менен чоң энем булак болуп беришти.

**- Кайсы жердин кулуну болосуз? Балачагыңыз кайсы жерде өттү? Кайсы окуу жайында окудуңуз эле?**

- Кичи мекеним Нарын облусунун Ак-Талаа районуна караштуу Тоголок Молдо айылы. 1999-жылы айылыбыздагы Жоробек Сатылганов атындагы орто мектебине кирип, 2010-жылы аяктадым. Мектепте өтө деле жакшы окуган жокмун. Өнөргө, спортко кызыгуумдан улам, ушул жаатта ийгиликтерим менен мугалимдерди сүйүнтүп турчумун. Мурда-кийин шаар дегенди көрбөгөн мен окууну аяктап, ырчы болом деген чоң максат менен Бишкекке аттандым. Оюмда филармониянын алдындагы эки жылдык студияга окуп эле, анан ырчы болуп кетем дегем. Бирок, шаардын жашоосу анчалык жеңил эмес экен. Улуттук консерваторияга барсам, эшик тоскон эже “музыкалык билимиң жок экен, окуй албайсың” деп киргизбей койгон. Искусство институтуна барсам, хорго алабыз дешти. Бирок мен ырчы болом деп ал жерден да кетип калдым. “Манас” университетинде музыкалык бөлүм бар экенин угуп, дароо ал жакка тапшыргам. Кудай жалгап өтүп кеттим. Ошентип ырчылык жолго аттанып, Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин көркөм өнөр факультетинин музыка бөлүмүндө билим алдым.

**- Алып баруучулукка кантип келип калдыңыз?**

- Бат эле сахна жылдызы болуп кетем деп келген айылдык баланын жан дүйнөсү мындай жерге келгенде “жалтак” болуп калат экен. Ырчылыктын түйшүгүн көргөндөн кийин анча даай албай жүрдүм. Бирок баары бир билим алган соң ырчы болуш керек да. Аракет кылганым менен жакшы натыйжа чыгара алган жокмун. 3-курста бир группалаш кыз: “Мен жеке менчик каналда алып баруучумун. “Бешинчи каналдын” таңкы берүүсүнө алып кетип жатышат. Жакшы сүйлөйсүң го, ордума сен калбайсыңбы?”- деп калды. Макул болгон жокмун. Аны эжеме айтсам, “антпей, бар да”деп өзү ээрчитип алып барган. Ал жерден эфирге чыгарып көрүшүп, жактырышкан. Ошентип, эки жылдай бекер иштедим. Бирок мен үчүн алгачкы кадам болду. 2014-жылы телевизордон “Кыргыз радиосуна” кастинг болуп жатканын угуп, катыштым. Жүздөн ашык улан-кыздардын ичинен Улукман Атабеков деген жигит экөөбүз өттүк. Баш-отум менен алып баруучулукка кирип кетишиме бул радионун салымы өтө чоң. Мени толугу менен “Кыргыз радиосу” тарбиялады.

**- Социалдык тармактагы баракчаңызда алып баруучулукта жаңы бир тепкичке көтөрүлгөнүңүз жөнүндө жазган экенсиз. Кандай ийгилик жөнүндө сөз болуп жатат?**

-Ооба, чыгармачылыкта өсүш болуп турганы жакшы эмеспи? Муну эмнеден улам байкаса болот? Буга чейин радиодо дайыма эфир алып барып, теледе анча-мынча долбоорлорго эле чыкчумун. Концерт, мамлекеттик иш чараларды да алып барып жүрдүм.



Ноябрь айында алып баруучулугубузду баалап, жетекчилик Керемет Сабыржанова экөөбүздү “Замана” студиясына которду. Биз үчүн дагы бир бийиктик, дагы бир секиче пайда болду. Эми жигердүү иштеп теледеги ийгилигибизди жаратуунун жолундабыз.

**- Сиз үчүн алып баруучулуктун артыкчылыктары жана кыйынчылыктары эмнеде?**

- “Эртең менен шашып барар жумушуң, кечинде шашып кетер турагың болсун” дейт кыргызда. Аның сыңарындай, алып баруучулук мени ар тараптан кубандырган кесип. Чарчасам дагы жагымдуу чарчоо. Жан дүйнөм байыйт. Күндө ар түрдүү кесип ээлери менен маектешем. Кыргыздын кыйырына таанылган үлкөн адамдар менен жолугам. Айрымдары менен жакшы мамиледемин. Айтор, бул кесиптен ырахат гана алып келем. Андыктан жалаң артыкчылыгы арбын деп айткым келет. А алып баруучулукка болгон даярдык, тартып жаткан түйшүктүн баары жумуштун процесси.

**- Теле алып баруучу болуш үчүн кандай талаптарга жооп берүү керек?**

- Үнүңдүн жагымдуулугу, сөз байлыктын кенендиги, камерага жугумдуу болуу маанилүү. Анан дагы бой узун болсо, мүмкүнчүлүк кенен болот. Мен боюмдун кыскалыгынан көп нерселерден калып калам. Бирок бир да жолу ошол үчүн өкүнгөн эмесмин. Анткени, өзүм каалаган эфирлерде иштеп жатам. Алып баруучу болуш үчүн көп издениш керек.

**- Жумушуңуздан сырткары эмнелер менен алектенесиз?**

- Кичинемден спортко шыктуу болгондуктан, сегиз жыл эркин күрөш менен машыккам. Андан соң өз алдынча машыгууга өттүм. Учурда футболдун күйөрманы дагы, сүйөрманы дагымын. Сүйүүчүлөр арасындагы футбол турнирлеринде ойноп турам. Буга кошумча, көкүрөгүмдөгү эргүүнү ыр жаратууга жумшап, поэзиянын керемет дүйнөсүнөн да оозанып келем.

**- Ийгилик сиз үчүн эмне?**

- Ийгилик – жашооңдо да, ишиңде да өзүң үчүн комфорт түзө алганыңда. Жайдары жашап, жыргап иштегенге эмне жетсин? Өзүңө жаккан жумуш менен алектенип иштей эле бер. Ак эмгектин акыбети сөзсүз кайтат.

**- Эң жакын адамыңыз ким жана эмне үчүн ал?**

- Эң жакын адамдарым, албетте, ата-энем, бир туугандарым. А учурда мага дайыма кеңешин берип, жолумду түздөп турган бир адам бар. Бардыгын ошол адам менен кеңешем. Туура жол көрсөтө алат. Эмне үчүн ал? Мени жакшы түшүнгөнүнөн улам го.

**- Келечекке койгон дагы кандай пландарыңыз бар?**

- Негизги максатым - алып баруучулук аркылуу кыргыз тилинин бай жана көркөм экенин даңазалоо. Менин алып барып жатканымды көргөн көрүүчүдө “тилибиздин кыйла мүмкүнчүлүктөрү бар турбайбы” деген ой жаралса дейм. Кесибим аркылуу мекендештериме үлгү болгум келет.

**- “Манас” университетинин болочоктогу журналисттерине кандай кеңештерди берет элеңиз?**

- Эң башкысы, журналисттин жан дүйнөсү бай болушу керек. Эч качан агымдан артта калбагыла дейт элем. Изденгиле! Дүйнө кандай нукта, биз кандай нукта баратабыз? анализдей билиш керек. Бирөө иликтөөнү жакшы кылат, бирөө көркөм текстти жакшы жазат. Бирөөнүн алып баруучулугу суктанарлык болушу мүмкүн. Бирөө сюжет жасоодо чеберчилигин көргөзө алышы ыктымал. Ушул сындуу өзүнүн мүмкүнчүлүктөрүн жакшы колдоно билгенде гана жашоодо жол таап кетүү оңой болот. Университетибиздин жалпы студенттерине ийгилик каалайм!




> *Ийгилик – жашооңдо да, ишиңде да өзүң үчүн комфорт түзө алганыңда. Жайдары жашап, жыргап иштегенге эмне жетсин? Өзүңө жаккан жумуш менен алектенип иштей эле бер. Ак эмгектин акыбети сөзсүз кайтат.*


КАБАР: АЙЧҮРӨК АКЫНАЛЫ КЫЗЫ

## Бегимгул Жолдошбекова, сүрөтчү, дизайнер:

# «Сүрөт - дайыма менин жанымда кошо жүрчү шеригим»







КАБАР: ЭЛИЗА БЕКИШОВА

**Буга чейин баарыбыз эле карандаш жана түстүү калемдер менен тартылган сүрөттөрдү көрүп же тартып келгенбиз. Каарманыбыз, Кыргыз Республикасынын Көркөм сүрөт академиясынын 4-курсунун студенти Бегимгүл Жолдошбекова, башкалардан айырмаланып кыргыздын залкар инсандарынын портреттерин мык жана жип менен тартып чыккан. Тартылган сүрөттөр көпчүлүктүн кызыгуусун жаратып, суктандырбай койбойт. Сүрөтчү кыздын таланты муну менен эле чектелбестен, кафелдер менен мозаика сүрөттөрдү да жасап келет. Бегимгүл Жолдошбекованын жараткан эмгектери тууралуу алдыда сөз болмокчу.**

**"Мозаика түрүндөгү алгачкы эмгегим"**

- 2020-жылы баарыбыз билгендей эле окуу жайлар, ишканалар карантинге жабылды. Ошол кезде баарыбыз үйдө отуруп калганда, атам: «Жөн эле отура бербей, пайдалуу иш кылалы»,-деп айтып калды. Мурда корообуздун сыртын элдикинен өзгөчө кылабыз деп кыялданчубуз. Кыялыбызды орундатуу максатында мен ар түрдүү форматтагы сүрөттөрдү интернеттен карап баштадым. Мозаика түрүндөгү сүрөттөр жагып калды. Мозаика - бул бир нерседен ар түрдүү нерселерди куроо болуп саналат. Пазл сыяктуу десек болот. Башка мамлекеттерде мозаика үчүн атайын таштар колдонулат экен. Бизде андай шарт жок болгондуктан, таштардын ордун кафелдерди колодонолу деп чечтик. Идеямды ата-энем да колдошту. Башында бир аз кыйналганбыз, анткени бир эле сүрөт үчүн жок дегенде 20-30 кафелдин түсү керек болот. Ал эми бардык сүрөттү чогултуу үчүн 70-80 дей кафелдин түсү керектелди. Бирок, атам канча керек болсо таап берип жатты. Бул ишиме баш аягы үч айдан ашуун убакыт кетти. Негизи өтө деле көп убакытты албайт, бат эле бүтүрүүгө болот. Менин алгачкы эмгегим болгону үчүн көбүрөөк убакытка созулган. Өтө көп каражаттын кереги жок, анткени сүрөттү сынык кафелдерден деле жасоого болот.

**«Дубалдагы сүрөттөрүмдө кыргыз баалуулуктары чагылдырылган»**

- Башында ата-энем жөндөн-жөн эле сүрөт тарта бербестен, кандайдыр бир мааниси бар, маңыздуу кылып тартуумду сунушташты. Төрт дубалга тарткан төрт сүрөтүм тең бири-бирине байланышкан. Биринчи сүрөттө кыргыз жеринин кооздугу сүрөттөлгөн болсо, экинчисинде биздин канатыбыз болгон аттар чагылдырылган. Үчүнчү сүрөттө - ак илбирстер. Ак илбирсти тартканымдын да өзүнчө себеби бар. Ар бир улут өзүн кандайдыр бир жаныбарга теңейт экен. Мисалы, орустар өздөрүн аюуга теңешсе, түрктөр болсо карышкырга теңешет. Ал эми кыргыздар өздөрүн «Ак илбирстин тукуму» дешет. Ак илбирсти улуттун символикасы катары карашат. Төртүнчү сүрөттө, «ит агытып, куш салып» дегендей, салбуурунда бүркүт түлкүнү алып жаткан мезгилин тарткам. Мындайча айтканда, элибиздин баалуулуктары тартылган. Негизи төртүнчү сүрөттүн ордуна башка нерсе тартайын деп жүргөм. Аябай кызык жери, апам мага капа болуп, бир күн кечке сүйлөбөй койгондуктан, анын өтүнүчүн аткаргам (күлүп).

**«Сүрөт тартуунун түрдүү техникалары»**

- Мозаика, мык, жиптер жаңы чыккан сүрөт тартуу техникалары эмес. Булар тээ орто кылымдарда эле пайда болгон сүрөт стилдеринин бири. Болгону биз жакка көп келе бербегендиктен, бизге жаңылык болду окшойт. Мык жана жип менен сүрөт тартуу "стринг-арт" же "изонить" деп айтылат. Бул менин эң алгачкы үйрөнгөн өнөрүм. Азыр интернеттин заманы эмеспи. Жип менен сүрөт тартуунун жолдорун интернеттен көрүп, өздөштүргөм. Биринчи тарткан сүрөтүм-залкар жазуучу Чыңгыз Айтматовдун портрети болгон. Кийин аны улай эле Исхак Раззаковдун, Таттыбүбү Турсунбаеванын портреттерин тарттым. Бул сүрөттөрдү жаратууда ата-энемдин колдоосу чоң. Алардын жардамы менен ушул эмгектердин баары жаралды десем жаңылышпайм.

**«Үйүбүз музей болуп баратат»**

- Тарткан портреттеримдин сүрөттөрүн өздүк баракчама бөлүшкөндө, «сатпайсыңбы?» деген сунуштар аябай көп түштү. Эмгектеримди көрүп, буюртма берем дегендер арбыды. Түркиядан бери байланышып, сатып алууну каалагандар да болду. Бирок атам: «Бул сенин алгачкы эмгегиң, сатпашың керек, үйдө калышы керек»,-деп айткан эле. Азыр бул эмгектерим үйүбүздүн көркүн ачып, төрүбүздө илинип турат. Атам айтып калчу эле: «Үйдүн ичин музей кылып бересиң»,-деп. Бул тилеги кабыл болуп, үйүбүз акырындык менен музей болуп баратат.

**«Сүрөт - менин дайыма жанымда кошо жүрчү шеригим»**

- Буга чейин чиймелегенге, сүрөт тартканга шыгым бар эле. Ал эми аны түрдүү жолдор менен жасоо өнөрүм 1-курс кезимде башталды. Бир эле техника менен эмес, түрдүү техникаларды пайдалануу менен дагы башкача сүрөттөрдү жаратkым келет. Негизинен сүрөт дегенде карандаш менен боёкторду элестетебиз да. Жок, сүрөттү бир эле жогорудагы шаймандар менен эмес, ар түрдүү техникалар менен тартса болот. Карандаш жана боёктор менен чектелүү туура эмес. Мен дал ушул нерсени далилдегим келет. Негизи кесибим боюнча дизайнермин. Бирок көпчүлүк мени сүрөтчү катары таанышат. Буйруса, дизайн боюнча кыргыз модасын дүйнөлүк аренага алып чыгуу максаттарым бар. Ошондой эле көркөм өнөргө байланып калбастан, бизнести дагы кошуп алып кетким келет. Албетте, сүрөттү таштабайм. Сүрөт-менин дайыма жанымда жүрчү шеригим. Буйруса, баары алдыда деп ойлойм.



## Комузчу Закирбек Дүйшөнбек уулу:

# "АЛГАЧКЫ УСТАТЫМ - АТАМ



*Закирбек Дүйшөнбек уулу Кыргызстанды комузу менен менен чет элдерге таанытып келе жаткан өнөр адамдарынын бири. Ал нагыз виртуоз, комузда кол ойнотkondo, көргөндүн көзүн кубанткан, кыргыз элинин үч кыл аспабына жан киргизген чоң талант. Чебер комузчу өзүнүн өнөрү тууралуу "Манас" гезитибиздин окурмандарыбына маек куруп берди эле. Анда эмесе, комузчунун өнөрү, басып өткөн жолу жана келечек кыял-мүдөөлөрү тууралуу маекке көңүлүңүздү төшөңүз.*

**- "Үч буроо жалгыз тээк үч кыл комуз, Чертилбейт күүгө келбейт чебер колсуз. Опоңой, көргөн көзгө жөпжөнөкөй, бирок да өнөрү бар айтып болгус" деп кыргыз элинин айтылуу акыны Алыкул Осмонов ырында жазгандай, көргөн көзгө жөпжөнөкөй улутубуздун аспабы сиздин колуңузда ажайып күү дүйнөсүнө бизди туш кылат. Ушу улуттук баалуулуктарыбыздын сап башындагы комузчулук өнөрүнө кантип келип калганыңыз тууралуу айтып берсеңиз?**

- Бала тарбиясы үйдөн башталат эмеспи. Ата-энем таланттуу адамдар болгону үчүн кичинемден комуз үнүн угуп чоңойдум. Үйүбүздө күн сайын комуз ойнолуп, дастан айтылып турчу. Өзүм 4 бир туугандын кенжесимин. Улуу агам да комуз чертчү, аны көрүп суктанып карап отурчумун. Ал кетери менен билбесем да, жашырынып алып комуздун кылдарын тарткылап ойночумун. Кызыгып жүргөн күндөрдүн биринде алгачкы жолу Роза Аманова эжекебиз аткарып жүргөн "Өрүк комуз" ырынын күүсүн капыстан үйрөнүп алдым. Бул менин алгачкы черткен күүм эле. Сүйүнүп эжекеме барып чертип бергем. Дал ошол күндөн баштап комуз менин жашоомо айланды десем болот. Атам менин шыгымды байкап, композитор Бектен Бейшембаев агайыбызга алып барган. Ошентип беш жашымдан күү чертүүнү үйрөнүп, алты жашымдан обон чыгара баштадым. Устаттарга бай болгонум менен алгачкы устатым атам деп эсептейм. Анткени ушул деңгээлге жетишиме колунан келген мүмкүнчүлүктүн баарын түзүп берген киши атам болду.

**- Күү чертүүнү 5 жашыңызда баштасаңыз, азыр 33 жашта болсоңуз, өмүрүңүздүн 28 жылын комуз менен өткөргөн экенсиз да. Бул мезгил аралыгында көп нерсеге жетиштиңиз. Өзүңүз үчүн эң баалуу ийгилигиңиз кайсы экенин билсек болобу?**

- Беш жаштагы бала үчүн колдоо биринчи орунда турат экен. Ата-энеме ыраазымын. Алар экөө тең дарыгер болсо да, бир да жолу мага "дарыгер бол" деп айтышкан эмес. Талантымды, шыгымды көргөн алар колдоо көрсөтүп, музыкалык мектепке берип, конкурстардан калтырышчу эмес. Убакыттын өтүшү менен комуз черткенди эле эмес, чертилген күүлөрдөн ырахат алганды үйрөндүм. Алар менин жашоомдун бир бөлүгүнө айланды. Өзүң сүйгөн иш менен алектенсең, сөзсүз түрдө жемишин да көрөт экенсиң. Сыйлыктарымдын ичинен эң эле сыймыктуусу деп залкар жазуучубуз Чыңгыз Айтматовдун колунан алган Карамолдо Орозов атындагы сыйлыкты айтат элем. Мындан тышкары, дагы бир топ сыйлыктардын ээси болууга жетиштим. Орусия, Казакстан сыяктуу өлкөлөрдө өткөн конкурс-фестивалдарда Кыргызстандын атынан чыкканым мен үчүн сыймык. Кыргыз күүлөрүн созолонто чертип, дүйнө жүзүнө таанытсам деген кыялдарым да бар. 28 жылдан бери бул тармакта жүрсөм да, комуздун али мен ача элек да сырлары бар десем жаңылышпайм. Мына ошол сырларды ачып, өмүрүмдүн аягына чейин комуз чертүү менен алектенсем дейм.

**- Комузчу үчүн комуз маанилүү эмеспи. Сиз комузуңузга кандай мамиле кыласыз?**

- Өзүмдү кандай карасам, комузга да дал ошондой мамиле кылам. Айтайын дегеним, комузду туура жерде сактабаса, бат эле жарактан чыгып калуу ыктымалдуулугу жогору. Мисалы, нымдуу жерде тургандан кийин бат эле ийилип кетип, күү жакшы чыкпай калышы мүмкүн. Андыктан кургак жерде сактоо абзел. Туура сакталуусуна эле көңүл бурбасам, айтор, сурагандарга аяп бербей койчу адатым жок. Кээ бир адамдар ырымдап карматпай да коюшат. Аларды көрүп таң калам. Комуз черткенде, анын күүсү менен анын абалы кандай экени билинет. Ошол нерсени комузчу жон териси менен сезе билүүсү керек.

**- Күү чертүү менен гана тим болбостон, бир канча күүлөрдүн автору болууга да жетишипсиз. Айтсаңыз, күү жаратууда кандай кыйынчылыктарга туш болосуз?**

- Комуз черткенди билген адамга күү жаратуу көп деле кыйынчылыкка турбайт. Кайсы учурда, кайсы жанрда күү чыгаруу керек болсо, ошого жараша күү жаратууга аракеттенем. Атайын алдын-ала пландап жараткан күүлөрүм деле жок. Керек болгон учурда гана күү үстүнөн иштейм. Албетте, күү жаратуунун өзүнүн кыйынчылыгы бар. Мисалы, бир ырга күү чыгарыш керек болсо, аны бир канча жолу кайталайсың. Унутуп калган учурлар болот, даяр болгон күүнү бир калыпка, тонго салуу үчүн да бир топ убакытың кетет. Бирок жыйынтыгы жемиштүү болгонун көрүп, кадимкидей эс алып калам. Алдыда кыргыз күүлөрүнүн альбомун чыгарууну да пландап жатам.

**- Учурунда "Эгиздер тагдыры" аттуу тасмада роль жараткан экенсиз. Актёрдук, комузчулук талантыңыздан тышкары дагы биз билбеген кандай таланттарыңыз бар?**

- Негизи, жигитке жетимиш өнөр аздык кыла турган болсо, меники андай деле көп эмес (күлүп). Өзүңөр билгендей, обончу, комузчулук кесибимден бошобойм. Акыркы мезгилде шакирттерим менен иштешип жүргөм. Бош убактымдын көпчүлүгүн жаратылыш койнунда өткөрүүнү жакшы көрөм. Жаратылышка чыгып алып, күү чертип эс алам. Балык уулап, бышырганды да жакшы билем. Дегеле бардык тамактардын түрүн жасай алам. Бильярдга кызыгам.

**- Комуз чертүүгө кызыгып жүргөндөргө жана ошондой эле күйөрмандарыңызга сизден кеңеш?**

- Комузга кызыгып, бирок жашым улгайып калды да үйрөнө албайм дегендерди көп эле угуп жүрөм. Ал нерсе туура эмес. Эгер адам кызыкса, мейли 30, мейли 60 жашта болсун үйрөнүп кетет. Анткени, комуз чертүүнүн кыйынчылыктары деле жок. Эң алгач ноталардын басылуу жерлерин үйрөнгөндөн кийин калганы оңой эле болот. Колумдан келбейт, үйрөнө албайм дегендерге таң калам. Жадакалса цирктеги аң-сезимсиз жаныбарлар биз кыла албаган кыймылдарды жасап жаткан соң, кантип биз адам болуп туруп колубуздан келбесин дейт элем. Андыктан үйрөнгүсү келгендерге айтаарым, комуз үйрөнүүгө өмүрдүн акыркы суусу түгөнгөнгө чейин эч качан кеч эмес, эң башкысы каалоо жана аракет болсо жетиштүү.

**- Акыркы жылдары комуз жана комузчулук өнөрдүн баалуулугу басаңдап, көңүл чордонунан тыш калып баратkансыйт. Мунун себептери эмнеде деп ойлойсуз?**

- Заман өнүккөн сайын баалуулуктарыбызга кош көңүл мамиле жасалып жаткансыйт. Ооба, комузга болгон кызыгуу да, талап да мурдагыдай эмес. Азыр чыгармачылыктагылардын көпчүлүгү өзүн-өзү пиар кылуу менен элдин көңүл чордонунда жүрөт. А биз, комузчулар пиардан алыспыз. Талап болгон жерге гана барабыз. Улуу өнөрдү хайп аркылуу таанытуу туура эмес көрүнүш. Хайп деп жашап калсак биздин баалуулугубуз кайда калат? Бирок себепти заманга шылтап койгонубуз менен биз да жөн турбашыбыз керек деп ойлойм. Азыркы учурда комуз мектебин ачып, шакирттерибиз менен иштешип жатабыз. "Каган" этно ансамбли да түзүлгөн. Мүмкүн болушунча баалуулугубузду сактап калуу аракеттерин көрүп жатабыз. Шакирттерибиз да акырындан ийгиликтерге жетишип келе жаткан учур. Буюрса, мындай жыйынтыктар улана берсе, хайпсыз эле баалуулугубузду сактап калуу мүмкүнчүлүгүнө жетишебиз деген үмүттөмүн.

КАБАР: АЙЗАТ КОЧКОРОВА

# Илимдердин пайдубалын түзгөн табигый илимдер факультети



КАБАР: ЭСЕНБОЛ НУРБЕК УУЛУ, ЭДА ЖАН

***"Манас" университетинин табигый илимдер факультети университетибиздин алдыңкы факультеттеринин бири. Анда илимий эмгектерин дүйнөлүк абройлуу илимий журналдарда жарыялаган, эл аралык долбоорлорду ишке ашырган күчтүү кадрлар жаштарга билим берет. Ошондуктан, студенттери бакалавриат программасын бүтүргөндөн кийин айрымдары илим жолуна түшүп, дүйнөдөгү мыкты университеттерде окуусун улантып, ал эми бир даары Кыргызстандагы жана дүйнөдөгү алдыңкы мекеме-уюмдарда ийгиликтүү иштеп жатышат. Табигый илимдер факультети тууралуу кенен маалыматты факультеттин деканы, биология илимдеринин доктору, профессор Гүлбүбү Курманбекова айтып берди.***

**Факультет тууралуу кыскача**

Табигый илимдер факультети учурдун талабына ылайык түзүлгөн. 2007-жылы башталып, программаларынын баары Кыргызстандын, Түркиянын стандарттарына ылайыкталып даярдалган. Биз 2008-жылдан баштап студенттерди кабыл ала баштадык. Факультет колдонмо математика жана информатика, биология жана математика бөлүмдөрүнөн турат. Учурда сегиз программанын үстүндө иштейбиз. Тактап айтканда, биология менен математика адистиги бөлүмдөрүндө бакалавриат, магистратура жана докторантура программалары бар. Ага улай биологдор үчүн магистратурада "Биотехнология" аттуу жаңы багытты ачтык. Колдонмо математика жана информатика бөлүмү болсо бакалавриат баскычында адистерди даярдайт. Ушу 15 жыл аралыгында табигый илимдер факультетибиз кадыресе калыптануу жолуна түштү десек болот. Бүгүнкү күндө илимий иштер боюнча да, долбоорлор жаатында да "Манас" университетинин алдыңкы факультеттеринин бири десем жаңылышпайм.

**Факультетибиздин бөлүмдөрүндө дасыккан окумуштуулар иштешет**

- Эмгек жамаатыбыз Түркия жана Кыргызстандан билим алган кесипкөй окутуучулардан куралган. Биология бөлүмүндө 3 профессор, 3 доцент, 1 доценттин милдетин аткаруучу жана 1 илимдин кандидаты эмгектенип келет. Математика бөлүмүндө 3 профессор, 2 доцент, 2 окутуучу жана 1 адис сабак берет. Эң кубандырганы – биздин бөлүмдү бүтүргөн студенттерибиз Түркияга барып магистратура, докторантураны аяктап келип факультетибизде иштеп жаткандыгы. Окутуучуларыбыз «Манастын» башка факультеттеринин биология, математика сыяктуу кошумча сабактарын да өтүшөт. Ботаниктерибиз болсо айыл-чарба, инженерия, кесиптик жогорку мектептин бөлүмдөрүндө иш алып барышат.

**Сапаттуу билим алуу үчүн бардык шарттар түзүлгөн**

- Студенттерибиздин сапаттуу билим алып, окуусун ийгиликтүү бүтүрүүсү үчүн факультетте бардык шарттар түзүлгөн. Заманбап лабораториялар менен толук кандуу жабдылган. Математиктер үчүн эң зарыл болгон шарттарыбыз жетиштүү. Ал эми колдонмо информатика бөлүмүндөгүлөргө ылайыкташтырылган 2 чоң компьютердик лабораториябыз бар. Балдар кандай компьютердик программага муктаж болсо, аларды алдыртып берип турабыз. Баарыбыз билгендей, биология медицинадан кийинки эле көп каражаттарды талап кылган тармак болуп саналат. Окуунун сапатын жакшыртуу үчүн табигый илимдерде сөзсүз түрдө практикалык иштер керек. Биолог болуу үчүн 80% тажрыйба керектелет. Студент өзү көрүп, кармап, түшүнүп, жасап үйрөнүшү зарыл. Учурда бул бөлүм жогорку деңгээлде автоматташтырылган 3 лаборатория жана ботаникалык, зоологиялык иш бөлмөлөрү менен камсыздалган. Айрыкча, билим алган жаштарыбыз "Биотехнология" жана "Молекулярдык биология" деп аталган лабораторияларыбыз аркылуу көптөгөн иштерди жүргүзүп жатышат. Ал эми 3-лабораториябыз – гистохимия лабораториясы. Мындай лаборатория өлкөбүздөгү башка университеттерде жок. Болсо да, жаңыланган эмес. Бишкектеги онкологиялык ооруканада залалдуу шишиктерди (рак, саркома) аныктоо үчүн бейтаптан биопсия алынат. Башкача айтканда, диагноз коюу максатында микроскоп менен изилдөө жасоого тирүү организмдин кандайдыр бир тканын же органын кесип алышат. Аны Кыргыз медициналык академиянын морфологиялык корпусуна жөнөткөндөн кийин, жыйынтыгын 1-2 жумалап күткөнгө туура келет. А биз мына ошол рактын түрүн гистохимияда 24 сааттын ичинде аныктай алабыз. Демек, жаш биологдор өлкөбүз үчүн өтө керек болгон сфераны дагы өздөштүрүп жатат десек туура болот. Андан сырткары, Кыргызстанда биомедицина боюнча изилдөөлөр жокко эсе. Ушул багытты өнүктүрүү максатында автоматташтырылган биохимиялык лаборатория түзгөнбүз. Ал аркылуу адам менен жаныбарлардын өзгөчөлүктөрү, көрсөткүчтөрү изилденет. Бийик тоолуу аймактагы жашоо шартыбыздан улам учурда бул жаатка басым жасалууда. Лабораториялар ачылгандан бери «Scopus», «Web of Science» өңдүү порталдарда кызыктуу илимий иштер менен макалаларыбыз да жарыяланып келе жатат.

**Өнүккөн инновациялык технологиялардын факультеттеги лабораторияларга тийгизген таасири**

- Инновациялык технологиялардын өнүгүшү, сөзсүз түрдө, факультеттеги лабораторияларга таасирин тийгизет. Үч жыл мурун башка аппарат менен иштесек, азыр андан да жакшысы чыгып жатат. Биз ошого кызыгабыз. Мурунку микроскопторго караганда азыркылардын мүмкүнчүлүктөрү дагы да жогору. Ошого жараша материалдык базаны жаңы инновациялык аппараттар менен толуктаганга аракет кылабыз. Университетибиз болушунча зарыл муктаждыктарыбызды толуктап берип жатат. Мына быйыл колдонмо математика жана информатика бөлүмү үчүн күчтүү компьютерлерди алдык. Өзүңүздөргө белгилүү болгондой, медициналык факультет ачылып жатат. Анын фундаменти – биологиялык илимдер, демек, 5-6 сабакты бизден алышат. Ошондуктан лабораторияларыбызды дагы да күчтөндүрүп, ачыла турган медициналык факультетке даярдык көрүп жатабыз.

**Табигый илимдер факультети коомго кандай салым кошуп жатат?**


- Кыргызстандын көйгөйлүү жактарына байланыштырып илим изилдөө иштерин жүргүзүп, бул иштерге студенттерибизди багыттап жатабыз. Бүтүрүүчүлөрүбүздүн дипломдук иштеринин дагы практикалык мааниси зор, эл чарбасына, айыл чарбасына жардам бере ала турган темалардын үстүндө иштешет. Мисалы, жоголуп бараткан өсүмдүктөр, жаныбарлар, коруктардын абалы боюнча иштерди жасашат. 2022-жыл "Тоолордун экосистемасын коргоо жана климаттык туруктуулук жылы" деп жарыяланып, көпчүлүк иштерибиз ошого байланыштуу болду. Илимий проекттерди жасаганда студенттерибиздин ишине багыттап жасайбыз. Мисалы, бир докторантыбыздын проектиси бар. Ал Баткендеги Айгүл гүлүн илимий изилдөөгө, аны биотехнологиялык жол менен көбөйтүү жолдорун аныктоого арналган. Мындан тышкары, студенттерибиз экологияны, флора, фаунаны коргоого багытталган иштерди да жүргүзүшөт. Түркиянын университеттери менен да түрдүү багыттарда иштешип келебиз.

**Факультеттин жетишкендиктери**

- 2022-жылдын жыйынтыгында 3 бөлүмүбүз жалпы 30 долбоорду аягына чыгарды. Мунун натыйжасында, биз университет боюнча биринчи орунга чыктык. Лабораторияларыбыз, изилдөөлөрүбүз жогорку сапатта болгону үчүн Түркия жана КМШ өлкөлөрүндөгү университеттер менен бул жаатта кызматташып келебиз. Ошондой эле, окутуучуларыбыздын илимий эмгектери "Web of Science", "Scopus" сыяктуу системаларга кирген басылмаларда жарыяланып келет. Ал басылмалар өтө катуу талаптардын негизинде илимий макалаларды кабыл алат. Мунун өзү эле факультетибиздин окутуучуларынын илимий потенциалын аныктоонун бир далили. Андан сырткары, биздин илимий эмгектерибизге таянып, андагы талдоолорду, алынган жыйынтыктарды колдонгондор да аз эмес. Биздин илимий эмгектерге башка изилдөөчүлөр шилтеме жасап кайрылып жатканы, жогорудагы системалардын атайын рейтингдерине өз таасирин тийгизет. Азыр сапат деңгээлибиз улам жогорулап жатат. Сапаттуу изилдөөлөрдү эл аралык журналдарга жарыялоо, университетибиздин дүйнөлүк рейтингинде алдыңкы орундарды ээлешине жол ачат.

**Студенттердин кесипке болгон кызыгуусун арттыруу үчүн уюштурулган иш-чаралар**

- Студенттердин кызыгуусун арттыруу, шыктандыруу максатында иштерди үзгүлтүксүз алып барабыз. Биологдорду даярдоодо стандарт боюнча студенттер 4 жолу практикадан өтүшү керек. Ага ылайык, 1-курсту аяктаганда зоология, ботаника боюнча экскурсиялык байкоолорду жүргүзүшөт. 2-курста окуу-талаа практикасы болот. Анда балдар 10 күн Кыргызстандын түштүгүндө, 10 күн түндүгүндө Сары-Челек, Арстанбап баш болгон жерлерге барышат. Алар өсүмдүктөрдөн гербарийлерди чогулта турган же көпөлөк кармагыч сыяктуу керектүү шаймандар менен камсыздалат. Бул практика үчүн жыл сайын орто эсеп менен 4-5 миң доллар сарптайбыз. 3-курста студенттер түрдүү ишкана-лабораторияларда тажрыйба топтошот. Жакшы окуган 3 студентти практика үчүн Түркияга жиберебиз. Аны университетибиз каржылап берет. Чет жакка чыгууга мүмкүнчүлүгү бар улан-кыздар болсо, алардын ылайыктуу университет табышына көмөктөшөбүз. Информатиканы окугандар банк, билим берүү, бизнес сыяктуу тармактарда практикасын өтүшөт. 4-курста болсо биологдор менен математиктер үчүн педагогикалык практика каралган. Анткени, бакалавриатты бүткөн соң,





Табигый илимдер факультетинин деканы, биология илимдеринин доктору, профессор Гүлбүбү Курманбекова

айыл жергесине кеткен бүтүрүүчүлөрүбүздүн мугалим болуп иштөөсүнө шарт түзүлүшү керек. Сапаттуу билим алган кадр окуучуларга жакшы билим берет эмеспи. А бул келечекте мыкты адистердин чыгуусуна эшик ачат. Андыктан мындай практикага улай бөлүмдөрүбүзгө педагогика, психология өңдүү сабактарды киргизгенбиз.

**Факультетте кандай прикладдык изилдөөлөр жүргүзүлөт?**

- Прикладдык изилдөөлөр мамлекеттердин стратегиялык планына, актуалдуу темаларга ылайык ар бир багыт боюнча жүргүзүлөт. Жогоруда айтып өттүм, былтыр Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаров 2022-жылды "Тоолордун экосистемасын коргоо жана климаттык туруктуулук жылы" деп жарыялады. Биз ошого жараша проекттерди ишке ашырдык. Ушул сыяктуу эле ар бир бөлүм өз багытында ушундай изилдөөлөрдү жасашат.

**Учурда бүтүрүүчүлөр кайсы жерлерде жана кандай кызматтарда иштеп жатышат?**

- Бүтүрүүчүлөрүбүз менен абдан сыймыктанабыз. Ар дайым суроо-талапка ээ. Математика жана колдонмо информатика бөлүмүнүн бүтүрүүчүлөрү АКШ, Түркиядагы эл аралык компанияларда иштеп жаткан учуру. Айрыкча, биологияда тенденция аябай жакшы. Себеби, "Манастын" биологдору "Аквалаб", "Бонецкий" өңдүү лабораторияларда, Улуттук кардиология борборунда, экологиялык уюмдарда, мамлекеттик жана жеке менчик мектептерде эмгектенип келишет. Өзүнүн фирмасын ачып, гүл өстүрүп, Орусияда фитодизайн менен алектенгендер да бар. Ошондой эле магистратура, докторантурасын чет өлкөдөн улантып жаткан бүтүрүүчүлөрдөн уучубуз куру эмес. Европада билимин андан ары улантып жаткан студенттерибиз "Манастан" алган билим, тажрыйбабыз жетишерлик болгондуктан, көп деле кыйналган жокпуз дешет.

**Факультеттин келечектеги пландары**

- Факультетибиздин келечеги университетибиздин стратегиялык пландарына шайкеш болот деп ойлойм. Негизги пландарыбыздын бири – азыркы 3 бөлүмдүн жардамы менен жаңы ачылып жаткан медицина факультетинин өсүшүнө салым кошуу. Келечекте жакшы врачтарды даярдаш үчүн фундаменталдык сабактардын мааниси чоң. Ошондой эле жаш кадрлардын потенциалын күчөтүшүбүз керек.

## "Дунгандардын үйлөнүү тою"

Түркистан жергесине көчүп келген мусулман кытайлар дүйнөлүк адабиятта «дунган» деген ат менен белгилүү. Кыргызстанда 65 миңдей дунган жашайт. Дунгандар өтө интроверттүү жашашат жана өздөрүнүн кайталангыс маданий байлыгын сактап калышкан. Бул сүрөттө күйөөнүн эжеси парда артында келинди үйлөнүү тоюна даярдап жатат...

**Аида Замирбекова**



## "Үйгө жол"

Кыргызстандын Баткен облусунун Лейлек районунда жашаган Санобар жайлоодо жүргөн малын үйүнүн астындагы сарайга алып бараткан кези...

**Мехрафруз Набиева**



## "Урматтоо"

Кыргызстандын Каракол аймагындагы үйлөнүү үлпөт тоюнда айылдын эң улуусуна таазим кылуу үчүн той ээлери Айгерим апага сөйкө тагып жаткан кези...

**Зарина Нурумова**




**• KTMÜ adına sahipleri - КТМУнун атынан гезит ээси**

Rektör Prof. Dr. Alpaslan Ceylan-Ректор Проф. докт., Алпаслан Жейлан

Rektör Vekili Dr. Baktigül Kalambekova - Биринчи проректор докт., Бактыгүл Каламбекова

• Genel Yayın Yönetmeni - Координатор

Prof. Dr. Mehmet Sezai Türk-Проф. Докт., Мехмет Сезаи Түрк

• Yayın Koordinatörü- Басма сөз координатору

Öğr. Gör. Dr. Gülzada Stanaliyeva- Ага окутуучу докт., Гүлзада Станалиева

• Danışma Kurulu – Кеңешчи тобу

Doç. Dr. Erdoğan Akman- Доц. докт., Эрдоган Акман

Doç. Dr. Gökçe Yoğurtçu- Доц. докт., Гөкче Йогуртчу

Doç. Dr. Niyazi Ayhan-Доц. докт., Ниязи Айхан

Öğr. Gör. Dr. Bakıt Orunbekov- Ага окутуучу докт., Бакыт Орунбеков

• Editör-редакторлор

Öğr. Gör. Dr. Topçugül Narmamatova – Ага окутуучу докт., Топчугүл Нармаматова

Arş. Gör. Zeki Okyay-кенже илимий кызматкер Зеки Окяй

• Editör Yardımcıları- Редактордун орун басары

Esenbol Nurbek Uulu- Нурбек уулу Эсенбол

Altınay Nurdinova-Алтынай Нурдинова

• Çeviri-котормочулар

Mehrafruz Nabieva- Мехрафруз Набиева

Erlan Bekten Uulu- Эрлан Бектен уулу

Bekzat Akimaliyev- Бекзат Акималев

• Gazete Tasarımı-дизайн

Ravşan Abdullayev

• Muhabirler- корреспонденттер

Kanışay Akmataliyeva- Канышай Акматалиева

Aygerim Mamatova- Айгерим Маматова

Eliza Bekişova- Элиза Бекишова

Aydana Musaliyeva- Айдана Мусалиева

Cakşılık Zamirbekov- Жакшылык Замирбеков

Ayzirek Abdıkalil Kızı- Айзирек Абдыкалил кызы

Meerim Kabılova- Мээрим Кабылова

Adina Matişova-Адина Матишова

Ayzat Lesbekova-Айзат Лесбекова

Eda Can-Эда Жан

• Yazışma Bilgileri

KTMÜ Cengiz Aytmatov Kampüsü İletişim Fakültesi, Bişkek Tel +996 (312) 492756/1164